**УДК: 371.38**
**DOI 10.33514/1694-7851-2024-2/2-158-165**

**Черикчиева Г.М.**
ага окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
**Аширбекова К.**
магистрант
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
**Жээнбекова Д.И.**
магистрант
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА КЫРГЫЗ ТИЛИНИН СӨЗДҮК КОРУН ОКУТУУДА САЛТТУУ ЖАНА ЖАҤЫ ЫКМАЛАРДЫ САБАКТА КОЛДОНУУНУН МААНИСИ

**Аннотация:** макала лексиканын материалдарын салттуу жана жаңы методдордун негизинде окутуу, окуучулардын сөздүк корун байытуу маселесине арналды. Башталгыч класстан тартып кыргыз тилиндеги конкреттүү жана абстрактуу мааниге ээ болгон сөздөрдүн лексикалык минимумун билүүгө жетишүү, лексикалык маанини табуу сыктуу маселелер да каралды. Нерсени, кубулушту, мүнөздү, сапатты образдуу,эмоционалдуу билдирүү үчүн сөздүн өтмө маанилерин билүү да негизги маселелерден экендиги айтылды. Учурда мугалимдер лексиканы окутууда салттуу жана инновациялык ыкмаларын колдонуу менен өткөрүлүп жатканы талдоого алынды. Лексиканы окутууда коммуникативдик ишмердүүлүк жана интерактивдүү окутуудагы окуучулардын баарлашуусун уюштуруу иштери талданды. Ошондой эле түшүндүрүү- көрсөтмөлүүлүк, проблемалуулук, кызматташуу, байкоо жана салыштыруу ыкмаларын лексикалык материалдарды окутуудагы орду да талдоого алынды.

**Негизги сөздөр**: лексика, салттуу, жаңы методдор, сөздүк, конкреттүү, абстрактуу, маани, образдуу, эмоционалдуу, өтмө маани, коммуникативдик, ишмердүүлүк, интерактивдүү, баарлашуу, проблемалуулук, кызматташуу, байкоо, салыштыруу.

**Черикчиева Г.М.**
старший преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
**Аширбекова К.**
магистрант
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
**Жээнбекова Д. И.**
магистрант
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева

г. Бишкек

## ЗНАЧИМОСТЬ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ ТРАДИЦИОННЫХ И ИННОВАЦИОННЫХ МЕТОДОВ ОБУЧЕНИЯ ПРИ ОБУЧЕНИИ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА В НАЧАЛЬНЫХ КЛАССАХ

**Аннотация:** статья посвящена вопросу преподавания кыргызского языка на основе традиционных и инновацинных методов, обогащающих словарный запас учащихся. В начальной школе также рассматривались проблемы познания лексического минимума слов с конкретным и абстрактным значением в кыргызском языке, нахождения лексического значения. Было сказано, что одним из главных вопросов является знание переходных значений слов для образного и эмоционального выражения вещей, явлений, характера, качеств. Проанализировано, что в настоящее время учителя используют традиционные и инновационные методы преподавания лексики. Проанализирована коммуникативная деятельность при обучении лексике и организация общения учеников при интерактивном обучении. Также была проанализирована роль объяснительно-указательного, проблемного, сотрудничества, наблюдения и сравнения в преподавании лексического материала.

**Ключевые слова:** лексика, традиционная, новые методы, словарь, конкретный, абстрактный, смысловой, переносный, эмоциональный, переходный смысл, коммуникативный, деятельностный, интерактивный, общение, проблемный, сотрудничество, наблюдение, сравнение.

**Cherikchieva G.M.**
Senior Lecturer
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
**Ashirbekova K.**
master's student
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
**Jeenbekova D. I.**
master's student
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.

## THE SIGNIFICANCE OF USING TRADITIONAL AND NEW LESSON METHODS IN TEACHING VOCABULARY OF THE KYRGYZ LANGUAGE IN PRIMARY CLASSES

**Annotation:** the article is devoted to the issue of teaching vocabulary materials based on traditional and new methods, enriching students' vocabulary. From the elementary school, the problems of getting to know the lexical minimum of words with concrete and abstract meaning in the Kyrgyz language, and finding the lexical meaning were also considered. It was said that one of the main issues is to know the transitive meanings of the words for figurative and emotional expression of things, phenomena, character, quality. It was analyzed that teachers are currently using traditional and innovative methods in teaching vocabulary. Communicative activity in teaching vocabulary and organization of students' communication in interactive teaching were

analyzed. Also, the role of explanatory-indicative, problematic, cooperation, observation and comparison methods in the teaching of lexical materials was analyzed.

**Keywords:** vocabulary, traditional, new methods, dictionary, concrete, abstract, meaning, figurative, emotional, transitive meaning, communicative, activity, interactive, communication, problematic, cooperation, observation, comparison.

Башталгыч класстарда кыргыз тилинин лексикасын окутуудан мурда бул терминдин өзү жөнүндө, анын мааниси, чечмелениши, колдонулушу, максаты жана милдеттери жөнүндө кыскача маалымат келтирүү жетиштүү. Айталы, ар бир тилдеги сөздөрдүн бардыгы биригип келип, ошол тилдин сөздүк курамын же лексикасын түзөт. Сөздүк курам же лексика жөнүндөгү тил илиминин бир бөлүгү лексикология деп аталат. Лексикологиянын изилдөө объектисин сөздөр түзөт. Мында алардын мааниси, колдонулушу, өнүгүү булактары, пайда болушу сыяктуу маселелер каралат. Лексикология изилденүүчү маселелердин мүнөзүнө карай жалпы жана жеке лексикология болуп бөлүнөт. Жалпы лексикология бардык тилдер үчүн мүнөздүү болгон лексикологиялык маселелерди изилдейт. Мисалы, сөздүн табияты, анын өзү туюндурган түшүнүк. Ал эми конкреттүү жеке тилдердин сөздүк курамы жеке лексикологияда каралат. Мисалы, кыргыз тилинин лексикасы, орус тилинин лексикасы, англис тилинин лексикасы, ж.б. Булардын ар бири өздөрүнө тиешелүү болгон лексикологиялык билимдерди, өзгөчөлүктөрдү үйрөтөт. Жалпы лексикология менен жеке лексикология өз ара тыгыз байланышта болуп, бирин экинчиси толуктап, бири-бирин илимий- теориялык жоболор, факт материалдар менен байытуу аркылуу өнүгөт. Демек, бир же бир нече тыбыштардан куралып, түшүнүктүн атын билдирүү үчүн колдонулган, белгилүү бир мааниге ээ болгон тилдин эң башкы, борбордук бирдиги **сөз** деп аталат. Сөздөрдөн сөз тизмектери, сүйлөмдөр түзүлүп, адамдардын ортосунда пикир алмашууну камсыз кылат.

Сөз – эки жактуу көрүнүш. Сөздүн тыбыштык жагы – анын формасы, туюнткан мааниси анын ички, мазмунун түзөт. Себеби, сөздөр жекече колдонулбастан, грамматиканын карамагына түшүп сүйлөм тизмегинде колдонулат. Бул учурда сөздүн лексикалык маанисинен сырткары сөздөрдүн ортосундагы катнаштарды көрсөткөн грамматикалык маанилер пайда болот. Тилдеги сөздөрдүн көпчүлүгү лексикалык мааниге ээ болушат, башкача айтканда, нерселерди, буюмдарды, кыймыл-аракетти ж.б. атайт. Мындай сөздөр толук маанилүү сөздөр деп аталат. Мисалы: китеп, дептер, тоо, суу, акыл, достук, студент, мугалим, кызыл, жашыл, узун, таттуу, бир, эки, беш, мен, сен, ошол, бар, кел, иште, оку, өйдө, төмөн, аз, көп, жарк-журк, дүп-дүп ж.б. Лексикалык толук маанилүү сөздөрдүн берген маанилери да бирдей эмес [1, 98-б.] Ошондуктан ,алар бир нече типке бөлүнөт, а) конкреттүү жана абстрактуу маанилүү сөздөр. Сезүү органдары (угуу, көрүү, даам, жыт билүү жана туюу) аркылуу кабыл алууга мүмкүн боло турган конкреттүү нерселерди, түшүнүктөрдү атаган сөздөр конкреттүү маанилүү сөздөр деп аталат. Мисалы: ай, жылдыз, терезе, үй, ысык, ачуу, катуу, жумшак, сасык ж.б. Бирок бардык эле көрүнүштөрдү, белгилерди көз менен көрүп, кулак менен угуп, тил менен даамдап, мурун менен жыттап, тери менен туюуга мүмкүн эмес. Адамдардын акылында жалпы түшүнүктөрдү туюнткан сөздөр абстрактуу маанилүү сөздөр деп аталат. Мисалы: билим, тилек, максат, ой, кыял, санаа, жакшылык, жамандык, шык ж.б.

Лексиканы окутууда мугалимдер салттуу жана инновациялык ыкмаларды колдонушат анткени, азыркы мезгилде коомдогу тарбия жана билим берүү иши атайын түзүлгөн педагогикалык системалар аркылуу иш жүзүнө ашырылат. Бул системалар педагогика

илиминин негизи жана өтө татаал изилдөө объектиси болуп саналат. Ал эми системанын элементтеринин бири-бири менен болгон туруктуу байланыштары алардын структурасын түзөт.

Ал эми башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасы тиешелүү фактыларды, ошондой эле эне тилинин илимий маалыматтарын (фонетика, лексикология, морфология, синтаксис, стилистика, орфография, пунктуация ж.б. боюнча) кыргыз тил илиминен алат да, башталгыч класстарда эне тилине байланыштуу окутула турган жогорудагы көрсөткөн конкреттүү бөлүктөрдү кандай жол менен үйрөтүүнүн ыкмаларын иштеп чыгат. Алардын ордун тактап, алардын натыйжалуу, ыңгайлуу жолдорун аныктайт.

Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутууда тиешелүү фактылар эне тилинин илимий маалыматтары (фонетика, пунктуация, ж.б.) боюнча алынат. Кыргыз тил илимине таянуу менен, башталгыч класстарда эне тилине байланыштуу окутула турган конкреттүү бөлүмүн үйрөтүүнүн ыкмалары иштелип чыгат. Алардын орду такталып, методдордун натыйжалуу, ыңгайлуу жолдору аныкталат. Орто мектептин башталгыч класстарында кыргыз тилинен сабак берген мугалим педагогикалык чеберчилигин традициялык педагогиканын жана азыркы учурда колдонулуп жаткан окутуунун жаңы технологияларын терең өздөштүрүп, айкалыштыруу менен жогорулата алат.

Эне тилин окутууга карата коммуникативдик ишмердүүлүк интерактивдүү окутуудагы окуучулардын тынымсыз өз ара баарлашуулары аркылуу ишке ашырылат. Бул багытта окутуу ишин уюштуруу үчүн атайын зарыл шарттарды түзүү зарыл. Мындай учурда окуучулар өзүн-өзү, коомду жана дегеле дүйнөнү таанып- билүү менен турмушка карата болгон туура көз караштары калыптанат жана предметтик, түйүндүү компетентүүлүктөргө ээ болушат.

Интерактивдүү окутууда көп жактуу коммуникативдүүлүк, жагымдуу психологиялык кырдаал, окуп-үйрөнүүгө атайын ыңгайлуу педагогикалык шарттар түзүлөт. Интерактивдүү окутууга өз алдынча иштөө, жуп менен иштөө, топ менен иштөө, талкуулар, презентациялар кирет. Интерактивдүү окутууда негизги көңүл окуучуга бурулуп, эвристикалык окутууга басым жасалып, тажрыйба жүзүндө окутуу иши колого алынат. Бул жагдайдан алып караганда инсанга багытталган окутуу менен шайкеш келет. Мында билим берүү процессинин катышуучуларына эмес, окуучулардын кызыкчылыгын көздөйт.

Учурда башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун төмөнкүдөй методдору жана ыкмалары колдонулуп келе жатат жана колдонулууда:

- түшүндүрүү - көрсөтүү методу;
- проблемалык окутуу;
- окутуудагы кызматташтык.

Түшүндүрүү – көрсөтүү методунда мугалим жаңы материалды түшүндүрөт, грамматикалык эрежелерди айтып берет. Мында мугалимдин түшүндүрүүсү үстөмдүк кылат да, проблемалык кырдаал түзүлбөйт. Окуучулар мугалимдин түшүндүрүүсү жана көрсөтмөсү менен тапшырмаларды аткарышат. Окутуунун бул методдунда окуучулардын ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгүн өстүрүүгө, өз алдынча иштөөгө машыктырууга көп көңүл бурулбай калат.

Ал эми проблемалык окутууда мугалим өздөштүрүлүүчү материалдардын татаал маселелерин гана түшүндүрөт да, окуучулардан калгандарын өздөрү өздөштүрүүсүн талап кылат. Бул үчүн атайын суроо-тапшырмалар берилет. Окуучулар өз алдынча ой жүгүртүшүп, салыштырып, корутундулап, аныктама чыгарышат, алардын активдүүлүгү артып, аракеттери жанданып, изденет. Проблемалуу сабактын башка сабактардан айырмаланган өзгөчөлүгү окуучулардын изденүүчүлүк ишмердүүлүгүн активдештирүү болуп

саналат. Ал окуучулардын чыгармачылык ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө, билим алуудагы өз алдынчалыгын калыптандырууда негизделген. Ошондой эле окуучулардын өздөштүрүлгөн билимдерин активдештирүү менен аларды жаңы билимдердин негиздерин үйрөнүүдө колдонууга даярдоо башкы маселе болот.

Окутуу процессинде “проблема” деген сөз-чечүү, же жооп берүү, жолу белгилүү болбогон теориялык, же практикалык суроолордун коюлушун шарттайт [4, 103-б.] . Мындай суроолорго жооп берүү, же тапшырмаларды аткаруу белгилүү бир алгоритмге туура келбейт. Окуучудан тапшырманы аткаруунун жаңы жолдорун табуу, аны табуудагы өз алдынчалык, оригиналдуу ой жүгүртүү талап кылынат. Ошондуктан, проблемалуу окутуу учурунда окуучунун ишмердүүлүгү ар дайым чыгармачылык мүнөзгө ээ болууга тийиш.

Проблемалуу окутуунун теориясы советтик көрүнүктүү педагог-окумуштуу М.И. Махмутовдун ысымы менен байланыштуу. Ал өзүнүн фундаменталдуу эмгектеринде проблемалуу окутуунун методологиялык жана психологиялык негиздерин, окуу проблемасынын мазмунун жана маңызын, ишмердүүлүгүнүн мүнөзүн, окутуу процессин активдештирүүнүн каражаттарын жана жолдорун изилдеп, теориялык жана практикалык мүнөздөгү баалуу сунуштарды берген.

Таанып-билүү процессинде окуучулардын активдүү ой жүгүртө билүүсү негизги мааниге ээ. Ошондуктан окуудагы проблемалуулук ой жүгүртүүнүн булагы жана таанып-билүүнү өркүндөтүүнүн каражаты, ошондой эле зарыл шарты катары кызмат кылат.

М.И. Махмудов: проблемалуу сабакты өткөрүүнүн натыйжалуу ишке ашырылышы проблемалык жагдайды түзүү менен шартталат, - деп белгилейт [3,86-б.]. Ал эми проблемалык жагдай ар дайым окуучунун таанып- билүүдөгү психикалык абалын (ой жүгүртүүгө мажбур болуу, эмоционалдуулук, ж.б.) мүнөздөйт. Мугалим тарабынан коюлган суроо проблемалык жагдайды түзүш үчүн анын мазмуну жана чечилиши жөнүндө окуучулардын билимин, ошондой эле проблеманы чечүүгө болгон алардын кызыгуусунун, башкача айтканда таанып-билүү зарылчылыгынын болушу өтө маанилүү.

Көпчүлүк учурларда проблемалык жагдай мугалим тарабынан максаттуу түрдө түзүлөт жана чечилиши анын түздөн-түз жетекчилиги менен ишке ашырылат. Ал үчүн суроолордун, тапшырмалардын ыраатын түзөт. Алар сабактын кандай формада сунуш кылынары. аныкталат. Бул суроолор жана тапшырмалар жаңы өтүлүүчү жана мурда өздөштүрүлгөн темалардын мазмунуна, теориялык жана практикалык билимдеринин деңгээлине, алардын кабыл алуу жана өздөштүрүү жөндөмдүүлүктөрүнө ылайыкталып түзүлөт.

Суроолорду мугалим өзүнүн илимий- методикалык даярдыгынын деңгээлине, окуучулардын билим, билгичтик, көндүмдөрүнө, жана окутуу ишин ар тараптуу уюштурууга шарт түзөт.

Окуучулар менен мугалимдин кызматташуусу жана окучулардын бири – бири менен кызматташуусу да проблемалык окутуу методу сыяктуу эле сабак процессиндеги окуучулардын өз алдынча ой жүгүртүүсүн, активдүүлүгүн арттырат.

Окутуунун мындай жолдорун уюштурууда суроо-тапшырмалар, проблемалык кырдаал түзүү сыяктуу элементтери пайдаланылат. Суроо-тапшырмалардын окуучулардын активдүүлүгүн арттырууда мааниси абдан чоң, анткени суроолорго жооп берүү, тапшырманы аткаруу, проблеманы чечүү үчүн окуучулар изденип, ойлонот. Ал эми проблемалык суроолорду түзүүдө, тапшырмаларды берүүдө төмөнкүдөй шарттар эске алынат:

а) өтүлгөн жана жаңы өтүлүүчү материалдардын ортосундагы байланыштын болушу;

б) ой жүгүртүүнү, изденүүнү талап кылуучу мүнөзү;
в) билим берүүчүлүк мүнөзү.

Суроо – тапшырмаларды аткарууда баарынан мурда өтүлө турган материал алдын-ала талкууга алынат. Окуучулар суроолорго жооп берүү, тапшырмаларды аткаруу аркылуу билимдин негиздерин өздөштүрүшүп, өз алдынча иштөөгө машыгып, активдүүлүгү артат. Тапшырмалар мугалимдин жардамысыз, окуучулардын толук өз алдынчалыгы менен аткарылат жана бул жерде мугалимдин кийлигишүүсүнүн зарылдыгы жок. Окуучулар жаңы өздөштүрүлүүчү материалдарды өз алдынча ой жүгүртүп, изилдөө менен кабыл алышат. Бул учурда төмөнкүлөрдү байкоого болот:

- өтүлгөн тема менен жаңы теманын ортосунда байланыштын түзүлгөндүгүн;
- мугалимдин окуучулардын сабакка активдүү катышуусун камсыз кылуу максатында аларга проблемалуу суроолорду бере алгандыгы.;
- окуучулардын өз алдынча изденип, аракеттенүүсү, ой жүгүртүүсү ишке ашкандыгын;
- мугалим менен окуучулардын ортосундагы кызматташтыкты;
- жыйынтык чыгарууга, талдоого, салыштырып изилдөөгө багыт берилгендигин.

Сабакта жаңы өздөштүрүлүүчү материал мугалим тарабынан даяр түрүндө берилеби? Жок, ал окуучулардын өздөрү аркылуу изилденип, талданып, кабыл алынат. Мындай кырдаалда, психологдордун айтуусуна караганда, окуучунун ой жүгүртүүсү активдүү аракетке келет да, алдына коюлган суроолорду чечүүгө бардык күчүн жумшайт.

Мындай сабактын түрүндө окуучунун алдына окуу маселесин коюуга негизги көңүл бурулат. Окуучунун алдына окуу маселесин коюу – бул аны ошол маселенин чечилишин талап кылуучу кырдаалга киргизүү болуп саналат.

Окуучунун алдына окуу маселесин коюу деген эмне? Аны атап коюп эле тим болуу жетишсиз, мугалим тарабынан коюлган суроо окуучу тарабынан кабыл алынышы, анын өздүк маселесине айланууга тийиш [2,65-б.] .

Окуу маселесин коюунун 2 негизги талабы бар:

1) окуучулар коюлган маселеден жаңы белгисиз нерсени көрө билүүлөрү керек;
2) алар бул маселени чечүүнү каалап, ага умтулуулары керек.

Окуу маселесин алдыга коюунун принциптерине төмөнкүлөрдү киргизүүгө болот:

1. Биринчи кезекте берилүүчү түшүнүк жалпы мүнөздө болуп, андан кийинки темалар ошол биринчи теманы тактоо, конкреттештирүү иретинде болуусу керек.
2. Жаңы түшүнүктү окуучуларга берүүдөн мурун анын пайда болуусунун турмуштук зарылчылыгын түзүү;
3. Билимди даяр түрүндө бербөө керек: окуучуларды өз алдынча изденүүгө, жыйынтыктарды, гипотезаларды чыгарууга багыттоо керек;
4. Өздөштүрүлүүчү материалдын эрежесин жаңы маалымат, мазмун боюнча окуучулар өз алдынча изденип иштегенден кийин гана берүү керек. Эрежени окуучулар өздөрү чыгарып, өз сөзү менен түзсө, жаттап алууга караганда эсинде көбүрөөк сакталат.
5. Бир тапшырмадан экинчи тапшырмага өтүү окуучулар үчүн даана, так коюлууга тийиш. Эгерде мугалим окуучулардын алдына окуу маселесин туура койгон болсо, анда алар биринчи маселени чечүү аркылуу экинчисине өз алдынча багыт ала алышат.

Окуу максатын коюу инсанга багытталган окутууда сабактын маңызы болуп саналат. Мугалимдин жана окуучулардын бардык иш- аракеттери ушул максатка жетүүгө багытталган. Окуу максаты сабак процессин, усулдарды, окутуунун жана баалоонун каражаттарын аныктайт.

Окуу максаты - билимди өздөштүрүүнүн, өнүгүүнүн жана тарбия берүүнүн натыйжаларын алдын- ала пландаштыруу, башкача айтканда, ишмердүүлүктүн күтүлүүчү натыйжасы. Окуу максатын коюу, аны менен тааныштыруу процесси интерактивдүү жол менен жүргүзүлүүсү шарт, анткени ошондо гана окуп- үйрөнүү процессинин бардык катышуучуларына бир багытта иш алып барууга мүмкүнчүлүк берет. Окуу максаты конкреттүү, ишке ашкыдай, өлчөнүүчү жана окуучуга багытталган болууга тийиш. Окуу максатын коюуда мугалим төмөнкү шарттардын аткарылышына жетишүүсү керек:

1. Сабактын эң башында окуучуларга мугалим тарабынан билдирилиши зарыл.
2. Окуучуларга жазуу түрүндө, көрнөктө, же башкача жол менен көрсөтүлүшү керек.
3. Окуучуларга түшүнүктүү болуп, алар тарабынан кабыл алынышы керек. Суроолордун жардамы менен мугалим коюлган максаттарды окуучулар канчалык деңгээлде түшүнгөндүгүн текшерет. Окуучулар сабактын максаттарын өздөрүнүн жеке максаттары катары айтып берүүлөрү зарыл.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1.Ахматов Т.К.,Өмүралиева С. Кыргыз тили: Фонетика, Лексика. – Ф: Мектеп 1990. – 234 б.
2. Бекбоев И.Б. – Проблемный подход- действенное средство активизации обучения. Эл агартуу. 1977, № 8.
2. Махмудов М.И. – Организация проблемного обучения в школе . – М., 1986

**Рецензент: педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Раимбекова М.**